Касымбеков Э.А., Курбонова М.С.

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

Касымбеков Э.А., Курбонова М.С.

# РАЗВИТИЕ НАВЫКОВ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТВОРЧЕСТВА У ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

Kasymbekov E., Kurbonova M.

# DEVELOPMENT OF ARTISTIC SKILLS OF PRE-SCHOOL CHILDREN

УДК: 373

Макалада чыгармачылык компоненттеринин көйгөйү жана мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылыгын натыйжалуу өнүктүрүү талданып, балдардын көркөм чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттар каралат. Мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жаңы чечимди, жаңы көз карашты, жаңы мамилени, башкача айтканда жүрүм-турумдун, кабыл алуунун, ой жүгүртүүнүн көнүмүш адаттарынын калыптанышын айтабыз. Жаратуу – бул түзүү, жаңы, мурда болбогон нерсени түзүү дегенди билдирет. Мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жаңы чечимди, жаңы көз карашты, жаңы мамилени, башкача айтканда жүрүм-турумдун, кабыл алуунун, ой жүгүртүүнүн калыптануусун айтабыз. Чыгармачылык – бул жаңы баалуулуктарды жаратуучу коомдук, социалдык топтордун, инсандардын иш-аракети дегенди түшүндүрөт. А.А. Артемьеванын көз карашында, чыгармачыл ой жүгүрткөн адамдар айлана-чөйрөнү интеллектуалдык муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө жараша өзгөртүп, ылайыкташтыра билүү менен айырмаланат. Аныктоо боюнча, өзгөрүлүп жаткан шарттарда чыгармачыл адамдардын ыңгайлашуусу жогору, анткени алар өзүлөрүнүн потенциалын эң ийгиликтүү жана толук кандуу ишке ашырууга шарт түзүшүп, колдоно алышат/ Чыгармачылык жөндөмдүүлүк көптөгөн сапаттардын биригишин билдирет. Адамдын чыгармачылыгынын компоненттери жөнүндө суроо дагы деле болсо ачык бойдон калууда, бирок азыркы учурда бул маселеге байланыштуу бир нече гипотезалар бар. Көптөгөн (Гилфорд, К.Халл, Р.Томпсон жана башкалар) психологдор чыгармачылык иш жөндөмдүүлүктөрүн, баарынан мурда ой өзгөчөлүктөрү менен байланыштырат.

Негизги сөздөр: көркөм өнөр, чыгармачылык, жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү, балдарды тарбиялоо, ой жүгүртүү, элестетүү, интеллект.

В статье анализируется проблема творческой составляющей и эффективного развития творчества дошкольников, рассматриваются необходимые условия развития детского художественного творчества, имеется в виду формирование привычных привычек мышления. Изобретение – это значит создавать что-то новое, чего раньше не было. Развитие творческих способностей дошкольников требует нового решения, нового взгляда, мы имеем в виду новый подход, то есть отказ от привычных схем и стереотипов поведения, восприятия, мышления.Творчество означает привнесение в мир чего-то нового. А.А. По мнению Артемьевой, творчески мыслящие люди отличаются способностью изменять и адаптировать окружающую среду в соответствии со своими интеллектуальными потребностями и требованиями. По определению, творческие люди более адаптируются к меняющимся условиям, поскольку могут создавать и использовать условия для наиболее успешной и полной реализации своего потенциала. Творчество – это сочетание многих качеств. Вопрос о компонентах творчества человека до сих пор открыт, но в настоящее время существует несколько гипотез, связанных с этим вопросом. Многие психологи (Гилфорд, К.Халл, Р.Томпсон и др.) творческие трудовые способности связывают прежде всего с особенностями мышления.

Ключевые слова: искусство, творчество, развитие способностей, воспитание детей, мышление, воображение, интеллект.

The article analyzes the problem of the creative component and the effective development of creativity in preschool children, examines the necessary conditions for the development of children's artistic creativity, meaning the formation of habitual habits of thinking. Invention means creating something new that did not exist before. The development of the creative abilities of preschoolers requires a new solution, a new look; we mean a new approach, that is, a rejection of the usual patterns and stereotypes of behavior, perception, and thinking. Creativity means bringing something new into the world. A.A. According to Artemyeva, creatively thinking people are distinguished by their ability to change and adapt the environment in accordance with their

intellectual needs and requirements. By definition, creative people are more adaptable to changing environments because they can create and exploit the conditions to most successfully and fully realize their potential. Creativity is a combination of many qualities. The question of the components of human creativity is still open, but currently there are several hypotheses related to this issue. Many psychologists (Guilford, K. Hull, R. Thompson, etc.) associate creative work abilities primarily with the characteristics of thinking.

Key words: art, creativity, development of abilities, raising children, thinking, imagination, intelligence.

Балдардын мектепке чейинки курагы, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрдүн интенсивдүү өнүгүү мезгили болуп саналат. Бул мезгилде баланын эмоция, сезимдеринин жана кыялдануусунун жандуулугу, аны курчап турган объективдүү дүйнөнү кабыл алуусунун тездиги жана активдүү билүүсү, чыгармачылык ишмердүүлүктүн калыптануусуна шарт түзөт. Мына ошондуктан ата-эне, балдардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн калыптануусуна өнүгүүсүнө үй-бүлөдө шарт жаратып, жардам берүүсү зарыл. Ошондой эле билим берүү жана тарбиялоо мекемелеринде балдардын чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө педагогикалык шарттарды түзүү керек. Ал эми тарбиячы педагогикалык жана методикалык компетенттүүлүккө ээ болууга тийиш.

Жаратуу – бул түзүү, жаңы, мурда болбогон нерсени түзүү дегенди билдирет. Мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жаңы чечимди, жаңы көз карашты, жаңы мамилени, башкача айтканда жүрүм-турумдун, кабыл алуунун, ой жүгүртүүнүн көнүмүш схемаларынан жана стереотиптеринен баш тартууну айтабыз. Чыгармачылык – бул дүйнөгө жаңы нерсени алып келүү дегенди түшүндүрөт.

А.А. Артемьеванын көз карашында, чыгармачыл ой жүгүрткөн адамдар айлана-чөйрөнү интеллектуалдык муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө жараша өзгөртүп, ылайыкташтыра билүү менен айырмаланат. Аныктоо боюнча, өзгөрүлүп жаткан шарттарда чыгармачыл адамдардын ыңгайлашуусу жогору, анткени алар өзүлөрүнүн потенциалын эң ийгиликтүү жана толук кандуу ишке ашырууга шарт түзүшүп, колдоно алышат [1].

Чыгармачылык жөндөмдүүлүк көптөгөн сапаттардын биригишин билдирет. Адамдын чыгармачылыгынын компоненттери жөнүндө суроо дагы деле болсо ачык бойдон калууда, бирок азыркы учурда бул маселеге байланыштуу бир нече гипотезалар бар. Көптөгөн (Гилфорд, К. Халл, Р. Томпсон жана башкалар) психологдор чыгармачылык иш жөндөмдүүлүктөрүн, баарынан мурда ой өзгөчөлүктөрү менен байланыштырат.

Белгилүү окумуштуулардын, ойлоп табуучулардын, сүрөтчүлөрдүн жана музыканттардын өмүр баянына таянып, төмөнкү чыгармачылык жөндөмдөрдү баса белгилеген. Мисалы: А.Н. Луканын чыгармачылыгы проблемасын изилдөөсү кызыктуу:

1. Көйгөйдү башкалар көрө албаган жерден көрө билүү;
2. Бир нече түшүнүктөрдү бир түшүнүк менен алмаштыруу жана барган сайын маалыматтык мүнөздөгү символдорду колдонуу менен ой жүгүртүү операцияларын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү;
3. Бир тапшырманы чечүүдө үйрөнгөн көндүмдөрдү башка маселени чечүүгө колдонуу жөндөмдүүлүгү;
4. Чындыкты бөлүктөргө бөлбөй, бүтүндөй кабыл алуу мүмкүнчүлүгү;
5. Алыскы түшүнүктөрдү оңой байланыштыра билүү;
6. Эс тутум керектүү маалыматты керектүү мүнөттө берүү жөндөмдүүлүгү;
7.Ойлонуу ийкемдүүлүгү;
8. Маселени текшерүүдөн мурун аны чечүүнүн альтернативаларынын бирин тандап алуу мүмкүнчүлүгү;
9. Жаңы кабыл алынган маалыматтарды буга чейин болгон билим тутумдарына киргизүү мүмкүнчүлүгү;
10. Нерселерди кандай болсо, ошондой көрө билүү, байкалган нерсени чечмелөө алып келген нерседен бөлүп көрсөтүү;
11. Идеяларды жаратуунун жеңилдиги;
12. Чыгармачыл элестетүү;
13. Баштапкы ниетин жакшыртуу, майда-чүйдөсүнө чейин тактоо жөндөмдүүлүгү [2].

Л. Бочкарев мектепке чейинки курактагы баланын чыгармачылык потенциалы төмөнкү жөндөмдөрдөн турат деп эсептейт:

1. Тобокелге баруу мүмкүнчүлүгү;
2. Дивергенттик ойлонуу;
3. Ой жүгүртүүдөгү жана аракеттеги ийкемдүүлүк;
4. Ой жүгүртүү ылдамдыгы;

5. Оригиналдуу идеяларды айтуу жана жаңыларын ойлоп табуу жөндөмү;
6. Бай элестетүү;
7. Нерселердин жана кубулуштардын түшүнүксүздүгүн кабылдоо;
8. Жогорку эстетикалык баалуулуктар;
9. Интуициянын өнүгүшү.

Чыгармачылыкты өнүктүрүү маселеси боюнча жогоруда келтирилген көз караштарды талдоо менен, аларды аныктоого болгон мамилелердин айырмачылыгына карабастан, изилдөөчүлөр бир добуштан чыгармачыл элестетүүнү жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн сапатын чыгармачылыктын милдеттүү компоненттери катары белгилешет. Чыгармачылык потенциалды өнүктүрүү жөнүндө сөз болгондо, балдардын чыгармачылыгын качан, канча жаштан баштап өнүктүрүү керек деген суроого токтолуш керек.

Психологдор (Б.П. Никитин, Л.С. Выготский, Б.Г. Ананьев ж.б.) ар кандай мөөнөттөрдү бир жарым жылдан беш жылга чейин аташат. Ошондой эле, чыгармачылыкты жаш кезинен эле өрчүтүү керек деген гипотеза бар. Бул гипотеза физиологияда ырастоону табат. Демек, психологиялык көз караштан алганда, мектепке чейинки курактагы балдар көркөм чыгармачылыктын жана чыгармачыл элестетүүнүн өнүгүшү үчүн ыңгайлуу мезгил болуп саналат. Ошондуктан ушул балалык мезгилди туура пайдаланып, ата-эне жана тарбиячылар балдардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү зарыл.

Биз окумуштуулар менен макулбуз (Дж. Смит, Б.Н. Никитин ж.б.) мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн натыйжалуу өнүктүрүүгө төмөнкү шарттар өбөлгө түзөт:

-баланын эрте физикалык өнүгүүсү: активдүү кыймылдоосу, ойноосу, эрте сууда сүзүү, гимнастика, эрте сойлоп жүрүү жана басуу;

-балдардын өнүгүүсүнө ыңгайлуу жагдайды түзүү жана мүмкүн болушунча баланы ар кандай чыгармачылык иш-аракеттерине түрткү бере турган чөйрөнү түзүү, кошумча баланын курагына туура келе турган ийримдерге кызыктыруу жана катыштыруу;

-чыгармачылык процесстин мүнөзүнүн калыптанышы үчүн жөнөкөй күчтү жумшоону талап кылуу;

-балага иш-аракетти тандоодо, иштерди алмаштырууда, бир иш менен алектенүүнүн узактыгында, ыкмаларды тандоодо ж. б. чоң эркиндик берүү;

-чоңдор жылуу, акылдуу, адилеттүү мамиле жасоо менен балдарга жардам берүү;

Маанилүү мамиле жана дайыма мотивациялык стимулдаштыруу баланын чыгармачылык сапаттарын өнүктүрүүдө өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, элестетүүнү жана чыгармачылыкты өркүндөтүү үчүн, ата-энелер балдар менен ойной турган атайын билим берүүчү оюндарды өздөштүрүп биргеликте ойноо керек. [3].

Педагогикалык практика көрсөткөндөй, окутуунун тиешелүү усулдарын туура тандоодо мектепке чейинки окуучулар чыгармачылык өзгөчөлүгүн жоготпостон өздөрүнүн окутулбаган теңтуштарына караганда жогорку деңгээлдеги чыгармаларды жаратаарын далилдейт.

Демек мектепке чейинки курактагы балдардын эң бай чыгармачылык жондөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Тилекке каршы, бул мүмкүнчүлүктөр убакыттын өтүшү менен биротоло жоголот, ошондуктан аларды мектепке чейинки куракта натыйжалуу колдонуу зарыл.

Балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жана баланы тарбиялоо негизги шарттарды түзүү жана туура иш алып баруу негиздүү деп эсептейм.

Адабияттар:

1. Артемьева А.А. Открытый класс. Сетевые образовательные сообщества.
2. Современные методики выявления одарённости. // http://www.openclass.ru
3. Лук А.Н. Психология творчества // Наука: Москва, 1978. –126 с.
4. Дьяченко О.М., Веракса Н.Е. Чего на свете не бывает – М.: Педагогика, 1994. – 157 с.
5. Саипбаев.С.М. Кыргыз оюндарынын педагогикалык мааниси Ф., 1976.
6. Сорокина А.И. Дидактические игры в детском саду. – М., 1982.